**ТЕМА: “ЗОРДУК-ЗОМБУЛУККА БИЗ КАРШЫБЫЗ!”**

**(8-класс)**




*Балдарга карата үйдө, мектепте зомбулукка жол берилбеш керек!*

| Сабактын максаты | Көрсөткүчтөрү |
|---|---|
| ***А)Конкреттүү максаты (билим берүүчүлүк):*** Зордук-зомбулук, үй-бүлөдөгү зордук зомбулук, зордук-зомбулуктун түрлөрүн алдын-алуу жолдорун билишет жана окуп үйрөнүшөт.<br>Зордук-зомбулуктун маанисин түшүнүү жана терс мүнөздөрдөн алыс болуу жөнүндө ой жүгүртүүсүн өстүрүү;<br>Берилген маалыматтарды пайдаланып, аныктамаларды жарата алышат;<br>Зордук-зомбулуктун адамга тийгизген зыяндуулугун сезишет. | • <br>Окуучулар максатка жетет деп билсек болот, эгерде алар:<br>• Зордук-зомбулук боюнча өз ойлорун кенен так айтууга айтып беришсе;<br>• Зордук зомбулуктун түрлөрү боюнча өз ойлорун бөлүшүп, топто талкуулай алышса;<br>• Зомбулуктун түрлөрү жана формаларын түрлөргө ажырата билишсе;<br>• үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук боюнча айтып бере алышса. |
| ***Б)Конструктивдүү (өнүктүрүүчүлүк, тарбиялоочулук):***<br>Зордук-зомбулуктун себептери, алдын алуу боюнча түшүнүгү өнүгөт. Өз укугун | • Зордук-зомбулуктун себептерин жана алдын алууну топто талкуулай алышса; |

| | |
|---|---|
| коргоого, башкалардын укугун сыйлоого, өз милдеттерин так аткарууга тарбияланышат. | • Окуучунун укуктары жана милдеттерин айтып бере алышса |

**Күтүлүүчү натыйжа:**

- Зордук-зомбулуктун түрлөрү;
- Зордук-зомбулуктун себептери жана алдын алууну;
- Зордук-зомбулуктун балдардын келечегине тийгизген таасирин билишет.

**Сабактын мотивациясы (бул сабак эмнени берет):** Зордук-зомбулук, үй-бүлөдөгү зордук зомбулуктун мааниси боюнча маалымат алышат.

**Сабактын жабдылышы:** Слайддар, сүрөттөр, анимация колдонулат.

**Убакыт:** 40 минута

**Убакытты бөлүштүрүү:***Чакыруу этабы:4-6 мин*

*Түшүнүү этабы(сабактын негизги бөлүгү):22-23 мин*

*Ойлонуу этабы (сабакты бышыктоо):9-11 мин*

***<u>Сабак</u>***

**Сабактын жүрүшү:**

***Чакыруу этабы:***

**Сабактын чөйрөсү:** *Саламдашуу,класстын тазалыгына көз салуу,тактоо.*

**Жагымдуу маанай түзүү:**

Бири-бирине мимика жест менен жагымдуу маанай тартуулоо

***Үй тапшырмасын текшерүү жана өтүлгөн теманы кайталоо:***

1.Балдардын кандай укуктары бар?




2.Бүгүнкү күндө балдардын укуктары корголуп жатабы?

**Сабактын негизги бөлүгү:**

**Зордук-зомбулук деген эмне?**

**Мугалим: Зордук-зомбулук** – бирөөнүн үстүнөн башка бирөөлөрдүн үстөмдүк жүргүзүүсүнөн пайда болгон коомдук теңсиздик.

Зомбулук – бул өзүнө же башка адамга же адамдардын тобуна багытталган, чыныгы же коркутуу түрүндөгү, атайылап физикалык күчтү же бийликти колдонуу, ал денеге зыян келтирүүнү, психологиялык травманы, өлүмдү же башка зыяндарды алып келет.

Зомбулук балдардын тагдырына балта чабат. Алардын жашоосуна жана саламаттыгына терс таасир тийгизгенден тышкары, зомбулук балдардын эмоционалдык абалына жана келечегине да чоң коркунуч жаратат.

Үй-бүлө коомдун тиреги. Коом болсо ар бир кыргызстандыктын үй-бүлөсүнүн негизинде куралат. Үй-бүлөнүн биримдиги, ынтымагы-коомдун ынтымагы жана биримдиги болуп саналат. Үй-бүлөнүн жазылган да, жазылбаган да укук жана милдеттери бар.

Бул милдеттерди так аткарган үй-бүлө мүчөлөрү коомдо дагы өз милдеттерин так аткарышат.

Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун себептери:

- Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун себептеринин бири болуп зордук зомбулук көрсөткөн адамдын үй-бүлө жөнүндөгү стереотиптери. Мисалы: кичинекей кезинен эле бала уруш-талашты көрүп өсүп калса, психологиялык травма алып, социалдык жана жеке өздүк канаттандырбоо аны кичинекей кезиндеги өксүгүн толтурганга түрткү берет;
- Жумушсуздук, социалдык жактан өзүн ашыкча сезүү, акчанын жоктугу, үстү-үстүнөн келген көйгөйлөр адамды стресске алып келип, чегине жеткенде өзүнүн күчүн башкаларга көргөзгүсү келет.
- Дагы бир себеп-бул ичимдиктер. Алкаголь адамдын өзүн-өзү башкаруу контролунан чыгарып кылган иштеринин баарын акталуу менен жаап кетет.

- Зордук-зомбулукка туш болгон бала өмүр бою ичинде наараазычылык сезимдерин топтой берет. Анан аракка берилип, кылмыштуу дүйнөгө аралашып кеткен учурлар көп кездешет. Анткени алар мындай жүрүм-туруму менен коомдон өч алгысы келет. Аларда "эмнеге башкалардын балалыгы жакшы болгон, эмнеге меники зомбулукта өткөн?" деген сезим калат.



Ошентип алар коомдон өч алгысы келип, кылмышкерлер, аракечтер, баңгилер чоңойот. Эгерде турмуш курса ажырашуулар да болушу мүмкүн. Анткени балдар бири-бири менен туура сүйлөшкөндү, мамиле түзгөндү билбей, алар үчүн уруп-сабоо, кыйкыруу, жаман сөз айтуу көнүмүш адат болуп, тынч жашоону элестете албай калышат. Ата-энесинин жаман адаттарынын баары кийин баланын жашоосунда кайталанып, чынжыр сыяктуу айланып турат.

Коомдогу көп бактысыз адамдардын катмарын балалык кезде зомбулук көргөндөр түзөт. Өзүнө-өзү ишенбеген, бактысыз, нааразы адамдар көбөйүп, психологиялык гана эмес, физиологиялык да оорулар пайда болот. Ал тургай онкологиялык оорулардын таржымалы да кээде зомбулукка барып такалат.

Канададан тышкары АКШда да 4 598 кишинин катышуусу менен бул жаатта атайын илимий тажрыйба болгон. АКШнын Федералдык саламаттыкты сактоо борбору узак мөөнөттүү атайын программа менен зомбулукка учураган кишилердин шилекейинен ДНК анализ алышып, алар чалдыккан ооруларды иликтеген. Бала кезде зомбулукка учурагандар көбүнчө жүрөк, өпкө, диабет жана Альцгеймер же карыганда акылдан адашууга чалдыгары аныкталган.

Зомбулукка кабылган балдардын өмүрүндөгү бул жагымсыз окуяны дарылоо бир топ кыйын




1. Психологиялык зомбулук;
2. Физикалык зомбулук;
3. Сексуалдык зомбулук.

Психологиялык зордук зомбулук

- Психологиялык зордук зомбулук эң көп катталган зордук зомбулуктун түрү болуп саналат. Андан көбүнчө аялдар жана балдар жапа чегет. Психологиялык зордук зомбулукка: басынтуу, кемсинтүү, коркутуу (үркүтүү) ж.б кирет.
- Жабыр тарткандар дайыма депрессия абалында болуп, тынчсызданып, түнт, өзүнө болгон ишенимин жоготуп, өзүн-өзү баалоосу төмөнкү болот жана алар суицидке жакын болушат.

Физикалык зордук зомбулук



- Физикалык зордук зомбулук деп, денесине тийгизген терс таасирдүү зордук. Аларга уруу, сабоо, денесинин бир жерин оорутуу, желкеге чабуулар, кулактан чойуу, уруп-сабоо, буюм менен согуу, буюмун сындыруу же тартып алуулар кыйноо ж.б кирет. Физикалык зордук зомбулуктун деңгээли ар кандай болот. Ал денеге тийгизген кичинекей уруудан, өлүмгө чейин алып барган уруу, соккуулар. Бул формадагы зордук зомбулукту аныктоо оңой себеби аны денедеги тактардан билип алса болот. Мындай зордук зомбулукту көп учурда эркек киши көрсөтөт.




- Сексуалдык зомбулук, дене бойлук жана психологиялык зыяндарды алып келет.
- Сексуалдык зомбулуктан кийин жардам көрсөтпөө жана реабилитация кылбоо баланын кийинки бардык жашоосуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн.




**Үй- бүлөдөгү зордук-зомбулуктун натыйжалары**

- Өлүм
- Ден-соолугунан айрылуу
- Психологиялык травма
- Физикалык жактан дене мүчөлөрүнүн жок болуп калышы
- Зордук зомбулук циклдик түрдө кайталанат. Кордук көргөн бала кайра башкаларга кордук көргөзүшү мүмкүн.

Үй- бүлөдөгү зордук-зомбулукка каршы мыйзам

- Өлкөдө үй-бүлөдөгү зордук-зомбулукка каршы мыйзам 2003-жылы кабыл алынган.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тартуучунун укуктары




– үй-бүлөдө зомбулук жасалгандыгынын фактысы же аны жасоо коркунучу туулгандыгы жөнүндө ички иштер органына, болбосо прокуратурага мамлекеттик, болбосо расмий тилдерде арыз берүүгө;

– медициналык мекемеге жеткирилүүгө жана алгачкы медициналык жардам алууга;

– өзүнүн каалоосу боюнча коопсуз жайга, болбосо социалдык тейлөөнүн аймактык атайын мекемесине жайгаштырылууга;

– өзүнүн коопсуздугунун корголушу, юридикалык жардам жана кеңеш алуу жөнүндө маалымат алууга;

– зомбулук жасаган адамдын жүрүм-турумун коомдук уяткарууга алуу максатында жашаган жери боюнча аксакалдар сотуна кайрылууга;

– зомбулук жасаган адамды администрациялык же жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн коргоо ордерин алууга, болбосо тийиштүү органдарга кайрылууга.

**Үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу жана анын алдын алуу боюнча ички иштер органдарынын милдеттери**

- – үй-бүлөлүк зомбулукка байланышкан арызды кабыл алууга жана каттоого;
- – үй-бүлөлүк жаңжал чыккан жерге өзүнүн өкүлүнүн болуусун камсыз кылууга;
- – тараптардан сурап билүүгө;
- – үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тартканга зарыл кеңештерди берүүгө жана коргоо ордерлеринин берүү тартибин, болбосо үй-бүлөдө зомбулук жасаган адамды администрациялык же жазык жоопкерчилигине тартуунун тартибин түшүндүрүүгө;

– зарыл болгон учурда үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тартканды медициналык мекемеге же коопсуз жайга, болбосо социалдык тейлөөнүн адистештирилген мекемесине жеткирүүнү уюштурууга;

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тартуучуга убактылуу коргоо ордерин, болбосо соттук коргоо ордерин берүү үчүн материалдарды, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды администрациялык же жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн материалдарды даярдоого;
- аймактык социалдык коргоо органдарынын кызматкерлери менен бирдикте ыркы жок үй-бүлөлөр менен дайыма профилактикалык иш жүргүзүүгө.

**Статистика**

- Ички иштер министрлигинин маалыматына ылайык, Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулукка туш болгондордун 95% аялдар жана балдар, 83.5% мектептеги зомбулуктун курмандыгы болот. Атап айтканда, кызыл камчы жолдошунан таяк жеп көзү-башы көгөрүп жүргөн аялдар миңдеп саналат. Бирок анын баары эле ачыкка чыга берүүдөн тартынат.

**Сабакты бышыктоо:** (ойлонуу этабы)

- Зордук-зомбулуктун себептери кандай?
- Зордук-зомбулуктун кантип алдын алсак болот?
- Балдар көргөн сүрөттөрүңөр боюнча оюңарды айткылачы.Эмнелерди көрдүңөр?
- -Бири-бири менен мушташкан балдарды.
- Ата энесинен кордук көргөн баланы.
- Карыган ата энесин кордогон баланы.
- Чоң балдардын кичине балдарга жасаган үстөмдүгүн-деп балдар жооп берет.

**Үйгө тапшырма:**

Зордук-зомбулуксуз үй-бүлө темасында эссе жазып келүү

**Баалоо:**

Критерийлер менен баалоо топто жана жеке

“**5**”- Өтүлгөн теманы кайталоодо активдүү катышкан жаңы теманы өздөштүрүүдө өз алдынча, экиден , топто иштеше алса , алган билимин системалаштырып жыйынтык чыгара алса.

“**4**”-жогорудагылардын бирөөнө катыша албаса

“**3**”- жогорудагылардын экөөнө катыша албаса

“**2**”-таптакыр эле аракети жок болсо

**Сабакты жыйынтыктоо:** Мына балдар биз бүгүн силер менен зордук -зомбулук боюнча теманы талкуулап, бир топ маалымат алдык Зордук- зомбулуктун күчөшүнө коомдогу абалды күнөөлөй бербестен ар бирибиз мээримдуу, кайрымдуу бололу. Улуу коомдук ишмер атабыз Исхак Разаков» Коом деген сени менен мен. Сен таза болсон мен таза болсом коом да таза болот» - деп айтканы кашкайган чындык. Ошондуктан, Тарбия кичинекей мамлекетибиз болгон үй-бүлөдөн башталат. Эн биринчи үйүбүздө мээримдүү, боорукер болуп бири бирибизге түшүнүү менен мамиле жасап, кыйналгандарга жардам берели. Анан ошондой мамилени мектепте уланталы жана коомдо дагы терс көрүнүштөрдүн болбоосуна өз салымыбызды кошолу.